**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ЛЕНИН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**ЛЕНИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

**Ленин айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги XXVI отурумунун**

**ТОКТОМУ**
**№ 26/8**

Согонду айылы 24-январь 2024-жыл.

Ленин айылдык кеңешинин этика жана мандат комиссиясынын отурумунун 2024-жылдын 22-январындагы №1 протоколу Ленин айылдык кеңшинин депутаттарынын сессияга катышуусу жөнүндө.

Ленин айылдык кеңешинин этика жана мандат комиссиясынын отурумунун 2024-жылдын 22-январындагы №1 протоколу боюнча айылдык кенештин депутаты этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Жусуеванын 2024-жылдын 22-январындагы билдирүүсүн угуп жана талкуулап айылдык кеңештин отуруму **токтом кылат**

1.Ленин айылдык кеңешинин этика жана мандат комиссиясынын отурумунун 2024-жылдын 22-январындагы №1 протоколу боюнча айылдык кенештин депутаты Т.Жусуеванын 2024-жылдын 22-январындагы билдирүүсү эске алынып , 2,3 жолудан себепсиз келбеген жогорудакы аты аталган депутаттарга эскертүү берилсин

2.Кыргыз Республикасынын 2000-жылдын 13-январындагы №3 Жергиликтүү кеңштердин депутаттарынын статусу жөнүндөгү Мыйзамынын 3-статьясынын 10 пунктунун негизинде 2023-жыл ичинде сессияга себепсиз 11 жолу келбеген №3 сегиз мандаттуу Кызыл-Коргон шайлоо округунан депутат Э.Матеиповдун мандатын мыйзам чегинде карап, чечип берүү Алай аймактык шайлоо комиссиясынан суралсын.

3.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы этика жана мандат комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Орозали уулу Таалайбек**